**2013-жылдын 24-майындагы № 79 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

**«Кыргыз Республикасында жекече турак-жай курулушу жөнүндө»
Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

2013-жылдын 18-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** «Кыргыз Республикасында жекече турак-жай курулушу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ведомосттору, 1991-ж., № 22, 700-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** 12-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«12-статья. Жер участкаларынын бөлүнүшүн жана жекече турак үйлөрдүн долбоорлонушун контролдоо

Жекече турак үйлөрдү курууга жер участкаларынын бөлүнүшүн жана долбоорлонушун контролдоону архитектура-курулуш иши чөйрөсүндө саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүзөгө ашырат.

**2.** 16-статьянын 1-бөлүгүндөгү «Кыргыз Республикасынын Курулуш жана архитектура иштери боюнча мамлекеттик комитетинин тийиштүү органдарынын» деген сөздөр «архитектура-курулуш иши чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органын» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3.** 17-статьянын 2-бөлүгүндөгү «Кыргыз Республикасынын Курулуш иштери жана архитектура боюнча мамлекеттик комитетинин компетенттүү органдарына» деген сөздөр «архитектура-курулуш иши чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын
Президенти** **А. Атамбаев**